**Моонотү:** 15.12.2021

**Классы:** 7-д

**Предмети:** дүйнө тарыхы

**Сабактын темасы:** Орто кылымдардагы Америка мамлекеттери

| Сабактын максаттары | Көрсөткүчтөр |
|---|---|
| *Билим берүүчүлүк:* Окуучулар Америка материгинин ачылышы, калкы, маданияты жана чарбасы жөнүндө билимдерге ээ болушат. | Окуучулар Америка материгинин ачылышы жана жергиликтүү элинин маданияы, чарбасы, дини тууралуу билим алып, ага карата көнүгүү аткара алышса. |
| *Өнүктүрүүчүлүк:* Окуучулар тапкычтыкка, баа берүүгө, тарыхый тил менен сүйлөөгө көнүгүшөт. | Берилген тапшырмаларды аткаруу менен окуучулардын ышгы, активдүүлүгү жана сүйлөө речи калыптанса. |
| *Тарбиялык:* Окуучулар топтор менен ынтымактуу иштөөгө, дүйнө маданиятын сыйлоого жана толеранттуулукка тарбияланышат. | Окуучулар алтын эрежени сактап топтор менен ынтымактуу иш алып барышса, маданий баалуулуктарды баалай билишсе. |

**Сабактын тиби:** Жаңы материалды окуп үйрөнүү

**Сабактын формасы:** топтордо иштөө

**Баалоо усулдары:** формативдик баалоо

**Сабактын жабдылышы:** окуу китеби, слайд, телефон, ватман, маркер, карта, таркатма материалдар, карточка, клей.

| Негизги компетенттүүлүк | Предметтик компетенттүүлүк |
|---|---|
| *Маалыматтык:* Окуучулар окуу китебиндеги, слайддагы жана интернет булактарынан маалыматтарга ээ болушат. | *Хронологиялык, картографиялык:* Окуучулар Америка матергинин качан ачылгандыгын жана кайсы жылдан баштап Америка деп аталгандыгын айтып беришет. Америкада жашаган элдердин аймактарын картадан көрсөтүп бере алышат. |
| *Социалдык коммуникативдик:* Окуучулар топтор менен иштөө аркылуу тил табыша алууга, топ ичинде жана эл алдына чыгып тартынбай, так, тарыхый тил менен суйлөөгө көнүгүшөт. | *Тарыхый цивилизациялык:* Окуучулар Американын жергиликтүү калкынын дүйнөлүк чарбага кошкон салымын баалай билишет. |
| *Өз ишин уюштуруу жана көйгөйлөрү чечүү:* Окуучулар топтор менен иштөөдө жана презентациялоодо өз ишин уюштурууга, көз карашын билдирүүгө, берилген суроолорго жооп берүү аркылуу көйгөйлөрдү чече билүүгө үйрөнүшөт. | *Этномаданий:* Америкада жашаган майя, ацтек жана инкалардын маданий баалуулуктарын анализдей алышат. |
| | *Социалдык-жарандык:* Окуучулар саякатчы Х.Колумб жана А.Веспуччинин саякатынын маанисин түшүнүшөт. |

1. **Уюштуруу**

| *Мугалимдин ишмердиги* | *Окуучунун ишмердиги* |
|---|---|
| Мугалим окуучулар менен учурушат. Окуучуларга жагымдуу маанай тартуулайт. | Окуучулар мугалим менен учурушат. Сабакка окуу куралдарын даярдашат. |

2. **Үйгө берилген тапшырманы кайталоо**

| *Мугалимдин ишмердиги* | *Окуучунун ишмердиги* |
|---|---|
| Үй тапшырма поле чудес оюну менен өткөрүлөт. Ал боюнча мугалим оюндун эрежесин түшүндүрөт. Окуучуларга үйгө берилген тапшырма боюнча карточкаларды таратат. | Карточкага жооп берген окуучулар доскадагы мейкин талаасына карточканын саны боюнча тамгаларды жайгаштырышат. Жыйынтыгында жаңы өтүлө турган тема келип чыгат. |

3. **Сабактын максаты жана күтүлүүчү натыйжа**

| *Мугалимдин ишмердиги* | *Окуучунун ишмердиги* |
|---|---|
| Мугалим окуучуларга жаңы өтүлө турган теманын максатын жарыялайт. Сабактын максаты: бүгүнкү сабакта Америка материгинин ачылышы, калкы, маданияты жана чарбасы жөнүндө билимдерге ээ болушат жана сабактын аягында ар бир аткарган иш боюнча класстын авторлугундагы китепти түзө алышат. | Окуучулар сабактын максатын угушат. Максатка жетүү үчүн эмне иш алып баруу керектигин түшүнүшөт. |

4. **Жаңы теманы түшүндүрүү**

| *Мугалимдин ишмердиги* | *Окуучунун ишмердиги* |
|---|---|
| Мугалим слайддын жардамы менен өзүнүн сөзүнүн коштоосунда теманы түшүндүрөт.<br><br> | Окуучулар мугалим түшүндүрүп жатканда кунт коюп угуп, слайдка көңүл бурушат. Түшүнүксүз суроолор жаралса тартынбай суроо беришет. |

# Христофор Колумбдун өмүр баяны



- Ал 1454-ж. Генуядагы токуучунун үй-бүлөсүндө туулган;
- Колумб жаш кезинде бир канча ирет деңиз соода саякатына катышкан;
- 1476-1484-жж. Португалияда жашаган;
- Өмүрүнүн акырына чейин Х.Колумб жаңы материк ачкандыгын билген эмес.
- Өзү ачкан жерлерди «Индия» деп, анда жашаган адамдарды «индеецтер» деп атаган.
- Х.Колумб 1506-ж. 20-майда каза болгон.

# Европадан батышты көздөй сүзүшкөн




«Санта-Мария» «Пинта» «Нанья»


# Америка материгинин ачылышы






✓ 70 күн өткөндөн кийин матростордун биринин «Жер!» - деген кыйкырган үнү угулат. Испандык кемелер кичинекей аралга келип токтойт. Жээкке Испаниянын желегин сайып, Колумб андан ары алтын издеп, түштүккө карай жөнөйт жана аралдарды – Куба менен Гаитини ачат. Саякаты аяктаган кезде 3 кемесинин бирөө калат.

# Материктин Америка деп аталышы



- 1454-ж. 9-мартта Флоренцияда туулган;
- Америго Веспуччи Колумб ачкан жерлерди жаңы материк экендигин далилдеп «Жаңы жер» деп атоого сунуш кылган;
- Бирок, 1507-жылы лотарингиядык картограф Мартин Вальдземюллер Америго Веспуччинин атынан картага түшүргөн.




## Чарбасы



## Коомдук, саясий түзүлүшү

**Калкы**

Американын калкынын негизги бөлүгү алгачкы общиналык түзүлүштө жашашкан

**Өнүгүшү боюнча**


Чарбасы жана маданиятынын өнүгүшү боюнча майя, ацтек жана инктер башка элдерине караганда жогору турушкан.

**Алардын арасынан**

Алардын арасынан ак сөөктөр, жрецтер бөлүнүп чыккан.

Андан кийинки катардагы общиначылар, кулдар турган.






5. **Кайтарым байланыш жана окуучулардын билгичтиктерин бышыктоо**

*Мугалимдин ишмердиги*

Мугалим окуучуларды майя, ацтек жана инка деп үч топко бөлүп алат. Ошондой эле окуучуларды алтын эрежени сактап активдүү катышууга, берилген тапшырмаларды өз эрежеси менен аткарууга, өз оюн эркин билдирүүгө үндөйт.

**Биринчи тапшырма.** Мугалим окуучуларга таблицаны толтургула деп тапшырма берет.

**1. Таблицаны толтургула**

| Эл | Аймагы | Кесиби | Маданияты | Кулашынын себеби |
|---|---|---|---|---|
| Майя | | | | |
| Ацтек | | | | |
| Инка | | | | |


**Экинчи тапшырма.** Сүйлөмдү толуктагыла? деп аталат. Мугалим үч топко үч сүйлөмдөр жазылган бланка жана конверт берет. Мугалим тапшырманы аткаруунун эрежеси менен тааныштырат.

*Окуучулардын ишмердиги*

Окуучуларга бүктөлгөн кагаздар берилет. Ичинде майя, ацтек жана инка деген жазуулары боюнча үч топко бөлүнүшөт.
1-топ Майялар
2-топ Ацтектер
3-топ Инкалар деп аталышат.

**Биринчи тапшырма.** Топторго бөлүнгөндөн кийин окуучулар тобу менен таблицаны толтурушат.
1-топ Майя боюнча таблица
1-топ Ацтек боюнча таблица
3-топ Инка боюнча таблица
Таблицаны толтурган соң окуучулар аны аны презентациялап беришет, ошол элдин жашаган жерин картадан көрсөтүп беришет, толтурулган таблицалар окуучулардын китепчесине жайгаштырылат.

**Экинчи тапшырма.** Сүйлөмдү толукталгыла? деп аталган тапшырма боюнча окуучулар суйлөмдөр жазылган бланка жана конверт алышат. Тапшырманын максаты конвертте катылган сөздөрдүн ылайыктуусун алып сүйлөмдүн бош орундарына коюшат. Топторго берилүүчү бланкалар 1-топко

| | |
|---|---|
| <br><br><br>Окуучулар тобу менен сүйлөмдү толуктап жана айтып бергенден кийин мугалимдин коштоосунда өздөрүнүн китепчесине тиркешет.<br>**Үчүнчү тапшырма.** Сүрөттөр сүйлөйт деп аталат. | **Сүйлөмдү толуктагыла**<br>✓Европадан..........коздой сүзүп жөнөйт. ........белгиленген жол боюнча кемелерди алып жүрүп отурат. Арадан .... күн өткөндөн кийин таңга маал кемелерди биринин мачтасынан матростун ..... деген кыйкырган үнү угулат. Колумб андан ары алтын издеп жөнөйт жана чоң аралдарды - ...... менен .....ачат.<br>**Конверттеги керектүү сөздөр:** Батышты, Христофор Колумб, 70, жер, Гаити,Куба.<br>2-топко<br>**Сүйлөмдү толуктагыла**<br>✓Христофор Колумбдун....... жылы ....... ачам деп, саякаты башталган. Колумб жаңы ........ ачкандыгын билген эмес. Өзү ачкан жерлерди ....... деп, анда жашаган адамдарды ......... деп атаган.<br>**Конверттеги керектүү сөздөр:** 1492, Индия, материк, Индия, индеецтер<br>3-топко<br>**Сүйлөмдү толуктагыла**<br>✓Колумб тарабынан ачылган жерлердин ....... экендигин ........... далилдеген. ......жылы жаңы.........анын атынан .........деп аталат.<br>**Конверттеги керектүү сөздөр:** Материк , Америго Веспуччи, 1507, материк , Америка<br><br>Сүйлөмдү толуктагандан кийин ар бир топ тапшырмасын айтып беришет. Аткарылган иш китепчеге тиркелет.<br>**Үчүнчү тапшырма.** Сүрөттөр сүйлөйт деп аталган тапшырма боюнча үч топко үч башка сүрөт берилет. Окуучулар тобу менен телефон жана интернеттин жардамы аркылуу ал сүрөт жөнүндө маалыматтарды жазышат. Берилүүчү сүрөттөр:<br>1-топко |




Бул тапшырма боюнча мугалим үч топко үч сүрөт таратат. Окуучулар ал сүрөт боюнча маалымат толтурушат.




2-топко




3-топко




| | |
|---|---|
| Мугалим окуучулардын жардамы менен аткарган иштерин китепчеге жайгаштырат. | Окуучулар тобу менен тапшырманы аткарып жана жактап беришет. Башка топтордон суроолор болсо жооп беришет. |

**6. Жыйынтыктоо**

| *Мугалимдин ишмердиги* | *Окуучунун ишмердиги* |
|---|---|
| Мугалим www.plickers.com сайты аркылуу өтүлгөн тема боюнча тест алат. Ал үчүн мугалим интернет жана телефонду пайдаланат. | Окуучулардын ар бирине тесттик иш алыш үчүн атайын даярдалган карточкалар таратылат. окуучулар карточкадагы варианттарына карата жооп беришет. Жыйынтыгында ар бир окуучунун билими пайыздык көрсөткүч менен аныкталат. |

**7. Үй тапшырма**

| *Мугалимдин ишмердиги* | *Окуучунун ишмердиги* |
| --- | --- |
| Мугалим окуучуларга үй тапшырма берет. §27.<br>1-топко кластер түзүп келүү<br>2-топко кроссворд түзүп келүү<br>3-топко долбоор түзүп келүү | Окуучулар тапшырмаларды күндөлүкторүнө жазып алышат. |

**8. Окуучулардын билимин баалоо**

| *Мугалимдин ишмердиги* | *Окуучунун ишмердиги* |
| --- | --- |
| Мугалим окуучулардын билимин капитан команданын толтурган ар бир сабактын кадамы сайын толтуруп турган таблица боюнча баалайт. Ал эми топко баа берүүдө доскага ар бир тапшырма сайын илинип турган кеменин сүрөтү аркылуу баалайт. | Окуучулар алган бааларын күндөлүкторүнө койдуртушат. Эгер кимде ким баасына нааразы болсо кошумча суралат. |

**Бишкек шаарынын №87 орто мектебинин тарых мугалими Казакова Нургуль Омурбековнанын 7-д класска өткөн «Американын орто кылымдардагы мамлекеттери» деген темадагы ачык сабагынын өздүк анализи**

Бүгүнкү менин сабагым тарыхы сабагынан 7-д класска, «Американын орто кылымдардагы мамлекеттери» деген темада өтүлдү. Сабактын тиби жаңы материалды окуп үйрөнүү, сабактын формасы топтор менен иштөө болду. Сабактын жабдылышы: окуу китеби, слайд, телефон,интерактивдүү доска, ватман, карта, таркатма материалдар, карточка, маркер. Сабактагы предмет аралык байланыштар география, биология, кыргыз тили, орус тили, информатика.

**Сабактын максаттары:**

*Билим берүүчүлүк:* окуучулар Америка материгинин ачылышы, калкы, маданияты жана чарбасы жөнүндө билимдерге ээ болушат.

*Өнүктүрүүчүлүк:* окуучулар тапкычтыкка, баа берүүгө, изденүүгө, тарыхый тил менен сүйлөөгө көнүгүшөт.

*Тарбиялык:* окуучулар топтор менен ынтымактуу иштөөгө, дүйнө маданиятын сыйлоого жана толеранттуулукка тарбияланышат.

**Негизги компетенттүүлүк:**

*Маалыматтык:* окуучулар окуу китебинен, слайддан жана интернет булактарынан маалыматтарга ээ болушат.

*Социалдык коммуникативдик:* окуучулар топтор менен иштөө аркылуу тил табыша алууга, топ ичинде жана эл алдына чыгып тартынбай, так, тарыхый тил менен сүйлөөгө көнүгүшөт.

*Өз ишин уюштуруу жана көйгөйлөдрү чечүү:* окуучулар топтор менен иштөөдө жана презентациялоодо өз ишин уюштурууга, көз карашын билдирүүгө, берилген суроолорго жооп берүү аркылуу көйгөйлөрдү чече билүүгө үйрөнүшөт.

**Предметтик компетенттүүлүк:**

*Хронологиялык, картографиялык:*окуучулар Америка материгинин качан ачылгандыгын жана кайсы жылдан баштап Америка деп аталгандыгын айтып беришет. Америкада жашаган элдердин аймактарын картадан көрсөтүп бере алышат.

*Тарыхый цивилизациялык:* окуучулар Американын жергиликтүү калкынын дүйнөлүк чарбага кошкон салымын баалай билишет.

*Этномаданий:*Америкада жашаган майя, ацтек жана инктердин маданий баалуулуктарын анализдей алышат.

*Социалдык-жарандык:* окуучулар саякатчы Х.Колумб жана А.Веспуччинин саякатынын маанисин түшүнүшөт.

Сабактын башталаар алдында окуучуларга жагымдуу маанай тартуулап, мотивация бере алдым.

Керемет талаа оюнун ойноо аркылуу үй тапшырмасын кайталай алдым. Окуучуларга үйгө берилген тапшырма боюнча карточкаларды тараттым. Карточкага жооп берген окуучулар доскадагы керемет талаасына

карточканын саны боюнча тамгаларды жайгаштырышты. Жыйынтыгында жаңы өтүлө турган тема келип чыкты. Сабактын максатын жарыяладым. Жаңы теманы слайддын жардамы менен түшүндүрдүм. Теманы түшүндүрүп бүткөн соң окуучуларды кызыл, жашыл, сары деп үч топко бөлүп алдым. 1-топ Майялар, 2-топ Ацтектер, 3-топ Инктер деп аталышты.

**Кайтарым байланыш жана окуучулардын билгичтиктерин бышыктоо** 3 этапта жүрдү.

1. "*Таблицаларды толтургула!*" деп аталып, майя, ацтек жана инктердин аймагы, кесиби, маданияты жана кулашынын себептери боюнча таблица толтурушту.

2. "*Сүйлөмдү толуктагыла!*" деп аталып, мында топторго сүйлөмдөр түзүлгөн барактар таратылды. Окуучулар бош калган сөздөрдүн ордун толукташты.

3. "*Сүрөттөр сүйлөйт*" деп аталып 1-топко Чичен-Ице, 2-топко Теночтитлан, 3-топко Мауч-Пикчу берилди, окуучулар тобу менен интернеттин жардамы менен сүрөт боюнча маалыматты табышты.

Сабак хакут оюну боюнча түзүлгөн тесттик иш менен жыйынтыкталды.

**Үй тапшырма**§27 окуп келүү, 1-топко кластер түзүп келүү, 2-топко кроссворд түзүп келүү, 3-топко эссе жазуу келүү берилди.

**Окуучулардын билимин баалоодо**, окуучулардын сабакка катышкандыгы жана карточкага жооп бергендиги боюнча комментарий берүү аркылуу бааладым. Ал эми топко баа берүүдө доскага ар бир тапшырма сайын илинип турган кеменин сүрөтү аркылуу бааланды.

**Жыйынтык:** Сабакта психологиялык жагымдуу атмосфера түзүлдү. Окуучуларда жана менде жакшы сезимдер орун алды. Сабакка катышкан пассивдүү балдар болгон жок. Балдар ар бир тапшырманы кызыгуу менен аткарышып мени менен кайтарым байланышка барышты.
Жалпысынан алганда сабагым максатына жетти. Пландаштыргандарымдын баарын ишке ашырдым.